# Ак-Бешим айылынын Ж.Баласагын атындагы орто мектебинин 2019-2020- окуу жылына карата окуу-тарбия иштери боюнча анализ.

2019-2020-окуу жылында мектептин жамааты экинчи жыл «Окуучулардын билим сапатын жогорулатуу» көйгөүнүн үстүндө иш жүргүзүп келет. Ушуга байланыштуу негизги маселе катары өткөн окуу жылдын анализинин негизинде төмөнкүлөргө көңүл бурулду:

-окуучулардын билим алууга умтулуусун жогорулатуу,

-Мамлекеттик жыйынтыктоо аттестацияга даярдык көрүү үчүн окууга жетишпеген окуучулардын даярдануу сапатын жогорулатуу багытында иш жүргүзүү,

- окуу сапатын жогорулатуу үчүн ар кандай ыкмаларды колдонуу.

Мектепте окуу-тарбия иштери төмөнкү багыттарда өткөрүлөт:

Методикалык иштер

Мектеп ичиндеги көзөмөл

Тарбия иштери

Окуу жылы уюшкандыкта башталды. Окуу планы,методикалык план, окуудан сырткаркы иш-план,мектеп ичиндеги көзөмөл планы, өтүлө турган сабактын тематикалык планы өз убагында иштелип чыкты, окуу жүктөмдөрү, класс жетекчилик бөлүштүрүлгөн. Предметтик сабактардын жумалык жүгүртмөсү бекитилди. 2-сентябрдан баштап мектеп бир сменада туруктуу сабактардын жүгүртмөсүнүн негизинде окууга кирищти.

**Кадрлар жонундо маалымат. Мугалимдердин сапаттык курамы. Вакант**

2019-2020-окуу жылынын билим беруу процесинде 19 педагог жана 4 администратор иштейт (Нурбекова Н.Э-мектеп директору,окуу- тарбия иштери боюнча завуч- Сайдинова Н.С, тарбия завучу-Чыймыева А.А.,соц.педагог- Джумалиева Ч.Дж.

Мугалимдердин педагогикалык иш-стажы:

| 5 ж 15 ж чейин | 16ж 30ж чейин | 30ж 40ж чейин | 40 ж жогору |
|---|---|---|---|
| 7 | 3 | 6 | 2 |

Мектепте билим беруу процесси бир жылдын ичинде билим даражасы жана квалификациясына ылайык педагогикалык кадрлар менен камсыздалды. Бардык мугалимдердин билими аткарган кызматына шайкеш келет.

| Жыл | Билими | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Жогорку | Орто | Толук эмес жогорку |
| 2017-2018 | 21 | 14 | 6 | 1 |
| 2018-2019 | 17 | 13 | 2 | 2 |
| 2019-2020 | 18 | 15 | 3 | 1 |

Окуу жылдын башында 3 жаны мугалим ишке кирищти- Джумалиева Ч.Д.(башталгыч класстын орус тил мугалими), Калыкова М.К.(башталгыч класстын кыргыз тил мугалими), Бектурова Р.Р.(тарых мугалими) жана 2-чейректин башында Филиппова А.Г.(башталгыч класстын орус тил мугалими).

Окуу жылынын башында тарбия завучу,соц педагог жана информатика мугалимдеринин оорду вакантта (тарбия завучу өз калоосу менен жумуштан кетти, соц.педагог декреттик өргүүгө чыкты). Экинчи чейректе тарбия завучу болуп англис тили мугалими Чыймыева А.А., соц.педагог- Джумалиева Ч.Дж дайындалды. Үчүнчү чейректе директордун буйругу менен көмөкчү информатик мугалими Дүйшенова Н. кабыл алынды.

2020-2021-окуу жылына мектепке химия, биология мугалими керек

Окуучулардын билим денгээлин жогорулатуу, окуу процессине, билим алууга кызыгуусун арттыруу максатында жана мындан дагы эффективдуу иш жургузуу учун мектепте билим сапатынын денгээлин жогорулатуу жана стабилдештируу планы иштелип чыкты. Методикалык иштердин маселеси жана максатына ылайык төмөнкү багыттарда иш жүргүзүлөт:

Тематикалык педсоветтер

Предметтик жумалык

Мектеп ичиндеги олимпиада

Директор жана окуу-тарбия завучунун катышуусунда чогулуш откоруу

Билим беруу сапаты боюнча мониторинг

График боюнча квалификациясын жогорулатуу

Биринчи жарым жылдыкта квалификациясын жогорулатуу боюнча томонку мугалимдер отушту 30.09-14.10. Джумалиева Ч.Д.-башталгыч класстын орус тил мугалими, 18.11-29.11.19.Сайдинова Н.С. окуу-тарбия завучу, 16.12.19-27.12.19-Нурбекова Н.Э-мектеп директору. Эмгек стажысы 3 жылга жетпей

курска баруу укугунун жоктугуна байланыштуу музыка мугалими КарагожоеваН.К квалификациясын жогорулатуу курсуна барган жок.

2019-2020-окуу жылында «Келгиле окуйбуз» долбоорунун алкагында иш план түзүлдү жана бекитилди жана ага ылайык бурч түзүлгөн. Долбоордун планы боюнча башталгыч класстын мугалимдери ачык саат, класстык саат жана башка иш чараларды өткөрүштү.

Мектеп директорунун буйругуна ылайык насаатчылык иши белгиленди

| Насаатчылар | Жаш мугалимдер |
|---|---|
| Майчиева С.К.<br>Абдраева М | Зайырова Э.А.<br>Калыкова М.Ж.<br>Джумалиева Ч.Д |
| Мамбеталиева З. Ж | Каракожоева Н.К |

Сентябрь айында насаатчылык иш боюнча томонку темада тапшырма берилди: «Ар кандай категориядагы окуучулар менен иш жургузуу». Суйлошуу учурунда жаш мугалимдердин ишинде ар кандай кыйынчылыктар аныкталды жана аларды чечуу жолу сунушталды.

Октябрь айында : «Окуучулардын окуп-билүү жөндөмүн жандандыруу көйгөйү »темасында баарлашуу өткөрүлдү. Мында окуучулардын сабак учурунда окуп-билуу жондомун жогорулатуу учун ар-кандай сунуштар берилди.

Ноябрь айында «Баалоо»темасында усулдук жардам көрсөтүлдү.

Февраль айында "Окуучунун окуудагы жетшкендигине туура багыт берүү" темасында семинар өтүлдү.

Апрель айында жаш адистерге дистанттык окутуу боюнча методикалык жардам көрсөтүлдү.

Ушул окуу жылында 4 методикалык бирикме бар, алар

(гуманитардык, так илимдер усулдук бирикмеси, башталгыч класстар жана бириккен предметтер). Метод бирикменин жетекчилери: Гуманитардык циклдики-Чыймыева А.А.,так усулдук бирикмеси-Чылпакбаева С.Б.,башталгыч класстыкы-Калыбекова Б.К. жана Бириккен предметтердики- Каракожоева Н.К.

Метод бирикмелердин 1-отуруму август айында өткөрүлдү.

Өткөн окуу жылына анализ жүргүзүлүп, 2019-2020-жаңы окуу жылына метод бирикменин планы бекитилди жана мугалимдердин окуу жуктөмдөрү бөлүштүрүлдү.

Метод жумуштун алкагында мектепте ачык саатар, предметтик жумалыктар,предмет боюнча класстан тышкары,тематикалык иш-чаралар откорулду (КВН,сабак-конференциялар)

Мектеп администрациясы тарабынан предметтик декадалардын графиги түзүлүп бекитилди. Баардык предметтик мугалимдир предметтик жумалык өткөрүү боюнча пландарын түзүп, бекиттириштти.

Жыл ичинде предметтик жумалыктар өткөрүлдү.

Кыргыз тил жана адабияты боюнча декада(мугалим-АбакироваТ.Д), дене тарбия жумалыгы(мугалим-Солтобаев К.А.),англис тил жумалыгы(мугалим-Чыймыева А.А.),орус тил жана адабияты жумалыгы(мугалим-Сайдинова Н.С.), тарых сабагы боюнча декада(мугалим-Бектурова Р.Р.)химия жана биология предмети боюнча декада(мугалим Картаева У.К.),музыка, сүрөт тартуу технологиясы предмети боюнча жумалык (мугалим-Каракожоева Н.К.),

9-сентябрдан 20сентябрга чейин кыргыз тил декадасы болуп өттү,23-сентябрда Мамлекеттик тилдин 30 жылдыгы өттү,2019-жыл ушунусу менен маанилуу болду десек болот.Кыргыз тил жана адабияты декадасы мамлекеттик тилге арналды, тилге арналган төмөнкү иш-чаралар болду:докладдар,конкурстар,повесттерди окуу,ачык сабактар,конференция,флешмоб

9-сентябрда «Эне тилим 30 жашта» аталышта декаданын ачылыш аземи болуп өттү. 5-9-класстын окуучулары кыргыз тилинде патриоттук ырларды ырдашты,эне-тилде ыр саптарын айтышты,балдар эне тил жөнүндө гимнди ордунан туруп угушту,эне тил жөнүндө слайд көрсөтүштү.

23-сентябрь күнү декаданын жабылыш аземинде, декаданын активдүү катышуучулары сыйланды

Өткөрүлгөн иш-чара- окуучулардын интелектуалдык тапкычтыгын,тил өнөрүн колдонуу жөндөмүн,чечендикти,кыргыз тилинин нукура байлыгын өрчүтүүгө чөн салымын кошту деп белгилесек болот.

Ал эми 23- сентябрдан 4-октябрга чейин дене тарбия жана спортко кызыгууну арттыруу максатында дене тарбия боюнча декада өтүлдү, ал иш-чарага окуучулар менен бирге мугалимдер да активдуу катышышты. Дене түзүлүштүн туура калыптануусуна дене тарбия жөнүндө теориялык жана практикалык билим алуунун,сергек жашоонун,патриоттуулуктун маанилуу экендиги жеткирилди,дене тарбия жана спортко кызыгууну арттыруу

маселеси камтылды,декаданын жүрүшүндө окуучулар менен ар кандай класстан тышкары формадагы иштер колдонулду, айта кетсек:

-Көчмөндөр оюну 5-9-класс

-Эстафеталар 1-4-класс

-Ачык саат 1-класс

-доклад,буклет,сурот конкурстары

-футбол боюнча мелдештер 5-9-класс

Иш чаранын кызыктуу жана эсте калаарлык болушу үчүн декада күн боюнча пландаштырылган,ал эми мелдеш,мара,мөрөй,аралашуу ар дайым окуучулар ичинде өзгөчө кызыгууну арттырат,оюн үстүндө спортко болгон суйуу калыптанат, негизи –балдарга класстан тышкаркы иштери кызыктуу экенин көрсөттү.

Англис тилге кызыгууну, тилдин калыптануусуна,балдардын англис тилин өздөштүрүүгө умтуулуусун арттыруу максатында 7-октябрдан 17-не чейин англис тили декадасын өткөрдүк. Предмет боюнча класстан тышкаркы тарбия иштери аркылуу окуучулардын англис тилин үйрөнүүнү өрчүтүү - декаданын негизги максаты болду жана ал үчүн иш-чаранын планы түзүлүп жана бекитилди.

-Ачык саат 4-5класс

-Сүрөт көргөзмөсү,керегe гезит

-Кроссворддор

-Логикалык оюндар

-Конкурстар

Жалпылап айтканда, бардык пландаштырылган иш-чара жогорку денгээлде өттү десек болот.

3-9-класстын окуучуларынын катышуусунда 21-октябрдан 31-октябрга чейин орус тил жана адабияты жумалыгы болуп өттү

Предметтик жумалыктын максаты: Орус тил жана адабиятына кызыгууну арттыруу,окуучулар арасында предмет аркылуу чыгармачылык чеберчиликти өнүктүрүү.

Бардык иш-чара белгиленген планга ылайык өттү десек жанылышпайбыз,иш-чараны даярдоодо ар бир окуучунун өздүк өзгөчөлүгү, жөндөмү,кызыгуусу эске алынды.

-макал-лакап конкурсу

- «Жомок билерманы» оюн-конкурсу

-Мыкты орус тил дептери

А.С.Пушкиндин чыгармаларына сүрөт-көргөзмө

Декада-ар бир окуучуга орус тили боюнча билим деңгээлин текшерип алууга өбөлгө түздү. Декаданын акырында иш-чараны жыйынтыктоо болду, предметтик декаданын жабылуу аземинде мектептин эң активдүү окуучулары белгиленди, конкурска катышуудан,аракеттен,далалат кылуудан ырахат алышты,мындан улам орус тилге болгон кызыгуусун ойгото алдык десек болот.

Планга ылайык 21- октябрдан 31-октябрга чейин тарых декадасы өттү.

Декаданын максаты жана маселеси:

-Окуучулардын чыгармачылык шыгын өрчүтүү

-Предмет боюнча практикалык ишмердүүлүктү жөнгө салуу

-Тарыхка болгон кызыгууну арттыруу

Бардык иш-чаралар декаданын өтүшүнө алдын ала ойлонуштурулган жана белгиленген

-Сүрөт сынагы жана кереге гезит

- «Акыл Ордо» интеллектуалдык оюну

-5-класс учун ачык саат

-Доклад

Жалпысынан иш-чара жогорку денгээлде өттү десек болот.Окуучуларга стандарттык эмес окуу формасы жагаары дагы бир ирет маалым болду.

11-ноябрдан 22-ноябрга чейин химия жана биология боюнча предметтик жумалык өттү.

Предметтик чыгармачылык тапшырмада жана иш-чарада балдардын жаш(курак) өзгөчөлүктөрү эске алынды,ар бир иш-чара коюлган тапшырманы аткарууга багытталган. Мугалим Картаева У.Кнын жетегинде ачык саатар өтүлдү,биология сабагында 9-класстын окуучулары жаны теманы өздөштүрүп жатып өздөрүнүн оюн коррективдештирип коюлган маселени чечуу жолун сунушташат,оюн ортого салышат.Материалды бекитүүдө окуучулар чечилген маселенин жыйынтыгын баалашат,негизгиси декада ийгиликтүү өтүп,коюлган маселе чечилди десек жаңылышпайбыз.

Мектепте 2-декабрдан 12-декабрга чейин эстетикалык циклдин предметтерине арналган: музыка,сүрөт тартуу жана технологиялар боюнча окуу-методика декадасы болуп өттү.

Декада окуучулардын жашына жараша группаларды эске алуу менен ар-кыл,байма-бай программаны камтуу менен бирге өттү,негизи бардык иш-чара сабактан тышкаркы иштерге багытталган.
Декаданын максаты: балдардын коп кылкасын мүмкүн болушунча чыгармачылык чөйрөгө кызыктырып киргизип алардын талантын,шыгын ачуу эле.

Окуу жылдын ичинде белгиленген предмет боюнча декадалар өз убагында өттү жана метод бирикмелердин чогулушунда угулду.

04.10.2019-ж.№38- буйруктун негизинде жалпы билим беруу предметтери боюнча окуучулардын мектеп олимпиадасынын биринчи этабына даярдык көрүү жана өткөрүү 2019-2020-жылдын 23-ноябрында Ж.Баласагын атындагы орто мектебинде төмөнкү предметтер боюнча олимпиадалар өттү: 5-9класста 9 предметтен: кыргыз тили жана адабияты,орус тил жана адабияты,математика,англис тили,биология,химия,география,тарых жана физика.

Предметтик мектеп олимпиадасынын этабынын графигине жараша бардык каалоочулар арасында олимпиада өттү.

Предметтик-методикалык комиссиясы иштеп чыккан тапшырмаларга ылайык 5-9-класс арасында мектеп олимпиадасынын этабы өткөрүлдү. Мектеп олимпиадасын өткөрүү,тапшырмаларды даярдоо,текшерүү үчүн предметтик-методикалык комиссия уюштурулган,комиссиянын курамына: -окуу-тарбия завучу,метод бирикмелердин жетекчилери,предметтик мугалимдер кирет.Олимпиаданын ар бир катышуучусуна тапшырманы аткарууга 1,5 -2саат берилет.Ар бир катышуучуга тапшырма,жооптор учун кагаздар,кагаз барактары даярдалган.Олимпиадалык жумушта тапшырманын жообуна баллдын саны көрсөтүлгөн,тапшырманын жооптору ошол күнү текшерилип жана текшерилген материалдар окуу-тарбия завучуна өткөрүлүп берилген.

Мектеп олимпиада этабына бардык окуучулар катышышты (5-9класс). Катышуучулардын жалпы саны 167. Кээ бир окуучулар бир нече предметтик олимпиадага катышышты,предметтик олимпиаданын жыйынтыгы орто,олимпиаданын жеңүүчүлөрү деп 53 окуучу табылды.Мектеп олимпиадасынын жеңүүчүлөрүнө грамоталар тапшырылды.Предметтик олимпиаданын катышуучуларынын копчулугу аткарган тапшырманын жыйынтыгына канааттанышты.

Олимпиадалык иштин анализи жогорулатылган денгээлдеги тапшырмаларды аткарууга толук кандуу даярдык жок экенин көрсөттү.

Олимпиаданын катышуучуларын орус тилинин чыгармачылык,себептик байланыш табуу багытындагы суроолор кыйынчылык туудураарын көрсөттү. Өткөн жылдагыдай эле олимпиаданын катышуучулары физика,математика,химия боюнча олимпиадалык суроо-маселелерди чечүүдө,математикалык эсепти,формулаларды толук билбегендиктерин көрсөттү.
Кыргыз тилинен олимпиадалык суроолоруна мектептин предметинин суроолору гана камтылган, чыгармачылыкты гана талап кылган суроолор,кыргыз тилинин негизги болүгүнө таандык теориялык маалыматты колдоно турган суроолор берилген.
Жалпысынан айтканда окуучулар тандаган предметтери боюнча билим денгээлин көрсөтө алышты,себептик байланышты табышты жана чыгармачылык жөндөмүн көрсөтүштү.Олимпиадалык иштин аткарылышы предметтер боюнча жогорку пайыздык көрсөткүчтү төмонку предметтерден көрсөтүштү: англис тили-77%,физика-60%,биология- 57%, кыргыз тили-56%,химия-33%,тарых-31%,орус тили-17%,география-5,8%,математика-4,7%.Өткөн жылдагы көрсөткүчтөй эле математика жана география боюнча олимпиадалык тапшырмаларды аткарууда төмөнкү пайыздык бааны көрсөттү. Көпчүлүк окуучулар бир нече олимпиадаларга катышып жеңүүчү болушту.

Олимпиада өткөрүү боюнча жооптуулар жана мугалимдер окуучулардын жөнөкөй жерден кетирген каталарын таап, аларды ондоп-чечүү жолдорун көрсөтүштү ошого катар математика,география,физика,химия предметтерине өзгөчө көңүл бурууга, 2020-2021- окуу жылында кетирген каталар менен иштөөнү жана келээрки олимпиадада ийгилик жаратууну көздөштү.
Бекитилген планга ылайык мектеп ичиндеги көзөмөл кылуу төмөнкү сабактар аныкталды: география (муг.Мамбеталиева З.Ж.), тарых(муг.Бектурова Р.Р.), англис тили (Чыймыева А.А.), кыргыз тили жана адабий окуу 4-класста(муг.Калыбекова Б.К.), биология жана химия (Картаева У.К.), адам жана коом(муг.Мамбеталиева З.Ж.) завучтун катышуусунда жыйналышта каралды. Ошону менен бирге план боюнча класстык жалпы көзөмөл 1-5-класстар окуучулардын көнүүсү боюнча, класстык- жалпы көзөмөл 9-класс, «сабакка катышуу жана толуктоо» боюнча көзөмөл.
2-4-класстын окуу ылдамдыгын текшерүү, даярдык денгээли.

Окуу жылы ичинде класстык журналдар ай сайын ар кандай максатта текшерилип турду мисалы: өзүнчө предметтер боюнча баалардын топтолушу жана жалпы көрсөткүчү, кемчиликтерди чечүүнү текшерүү,окуучулардын сабакка катышуусун тактоо,ката-кемчиликтерди четтетүүлөрдү белгилөө.

Тарых мугалими Бектурова Р.Р журналды өз убагында толтурбайт жана 8-класстын журналынын эки барагына тема жазып койгон.Башталгыч класстын мугалимдери Майчиева С.К. жана 9-класстын кл.жетекчиси Карагожоева Н.К алфавиттик ирээтте толтурган эмес. Эскертүүлөр журналга түшүрүлдү жана директор алдындагы кеңешмеде талкууланды.

2019-жылдын сентябрь айында 0-1класстардын өздүк делолорун толтуруу абалы текшерилди,текшерүүдө ар бир окуучунун өздүк делосу жүргүзүлгөн жана сүроттөрү менен бирге талапка ылайык толтурулган,туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн,ата-энелеринин паспортторунун көчүрмөлөрү,арыздары толук. Бардык класстын делолору туура жана талапка ылайык толтурулган. Чейректик баалар ар бир окуучунун өздүк делосуна коюлган.

Дептерлерди текшерүүдө, дептерлер жалпы коюлган ирээтке ылайык жүргүзүлүүдө,окуучулардын көпчүлүк бөлүгү үйгө берилген тапшырманы аткарышат, үй тапшырманын жалпы көлөмү талапка ылайык.

Кл.жетекчилердин күндөлүк менен иштөөсү: күндөлүк ай сайын текшерилет,эскертүүнүн негизги бөлүгү ата-энесинин колунун жоктугу жана аз баа алуу боюнча эскертуу.

Окуу жылынын жүрүшүндөгү программаны аткарууда тематикалык календарлык план менен сааттын саны,план боюнча жана факт боюнча шайкеш келет. Окуу программасы,лабораторлук иш,текшерүү иштери,практикалык иштер жыл ичинде бардык предметтер боюнча толук аткарылды.

**Класс-комплекттин саны,окуучулардын саны.**

Учурда мектепте 11 класс-комплект функциясын аткарууда

| 0а | 0б | 1 | 2а | 2б | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 21/11 | 14/8 | 24/8 | 16/7 | 11/6 | 23/10 | 21/4 | 27/11 | 17/6 | 16/9 | 14/8 | 15/5 |

2019-2020-окуу жылынын башында билим алган окуучунун саны -230/94. Жыл ичинде келген окуучунун саны-16,окуудан чыгып кеткендердин саны-6, окуу жылдын аягында окуучулардын саны-230/101.

Окуу жылынын жыйынтыгы боюнча аттестациядан өткөндөрдүн саны-164 окуучу 2-9класстар.жетишкендик-100% түздү, билим сапаты-35,3%, бир «3» -2. Отличниктер-10, ударниктер-48. Окууга жетишпегендер, баа системасы көрсөтүлбөгөн – 0 жана 1 класстагылар.

Мектептин бүтүрүүчү 9-класстын 15 окуучусу ЖМА тапшырууга уруксат алышты. ЖМАнын жыйынтыгы менен бүтүрүүчү 15 окуучуга орто билими тууралу күбөлүк тапшырылды.

2019-2020-окуу жылында жетишкендик жана билим сапаты

| класс | 1-чейрек | | 2-чейрек | | 3-чейрек | | 4-чейрек | | Жыл жыйынтыгы | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | жетиш үүсү | Билим сапаты | жетишү үсү | Билим сапаты | жетишү үсү | Билим сапаты | жетишү үсү | Билим сапаты | жетишү үсү | Билим сапаты |
| 1 | | | | | | | | | | |
| 2а | - | - | - | - | 100% | 53% | 100% | 47% | 100% | 47% |
| 2б | - | - | - | - | 100% | 46 | 100% | 61.5 | 100% | 61.5 |
| 3 | 100% | 39 | 100% | 39 | 100% | 39 | 100% | 43.4 | 100% | 43.4 |
| 4 | 100% | 38 | 100% | 38 | 100% | 39 | 100% | 43.4 | 100% | 43.4 |
| **2-4** | **100%** | **39** | **100%** | **39** | **100%** | **43.4** | **100%** | **47.3** | **100%** | **47.3** |
| 5 | 100% | 26 | 100% | 29.6 | 100% | 34.6 | 100% | 34.6 | 100% | 34.6 |
| 6 | 100% | 17.6 | 100% | 17.6 | 100% | 17.6 | 100% | 17.6 | 100% | 17.6 |
| 7 | 100% | 25 | 100% | 25 | 100% | 25 | 100% | 25 | 100% | 25 |
| 8 | 100% | 28.5 | 100% | 7.1 | 100% | 35.7 | 100% | 28.5 | 100% | 28.5 |
| 9 | 100% | 13.3 | 100% | 13.3 | 100% | 20 | 100% | 26.6 | 100% | 13.3 |
| **5-9** | **100%** | **22.4** | **100%** | **20.2** | **100%** | **27.2** | **100%** | **27.2** | **100%** | **25** |
| **Мектеп боюнча** | **100%** | **27.8** | **100%** | **26.3** | **100%** | **34.7** | **100%** | **36.5** | **100%** | **35.3** |

3 жылдык салыштырмалуу анализ

| | 2017-2018 | | 2018-2019 | | 2019-2020 | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| класс | жетишүүсү | % | жетишүүсү | % | жетишүүсү | % | |
| 2 | 100% | 31.5 | 100% | 38 | 100% | 53 | +15% |
| 3 | 100% | 56 | 100% | 33 | 100% | 43.4 | +10.4% |
| 4 | 100% | 20 | 100% | 40 | 100% | 43.4 | +3.4% |
| **2-4** | **100%** | **35** | **100%** | **38** | **100%** | **47.3** | **+9.3** |
| 5 | 100% | 28.5 | 100% | 18 | 100% | 34.6 | +16.6% |
| 6 | 100% | 27 | 100% | 20 | 100% | 17.6 | -2.4% |
| 7 | 100% | 28.5 | 100% | 20 | 100% | 25 | +5% |
| 8 | 100% | 18 | 100% | 7.1 | 100% | 28.5 | +21.4% |
| 9 | 100% | 17 | 100% | 12.5 | 100% | 13.3 | +0.8% |
| **5-9** | **100%** | **22.3** | **100%** | **20,5** | **100%** | **25** | **+4.5%** |
| **2-9** | **100%** | **28.5** | **100%** | **27** | **100%** | **35,3** | **+8.3%** |

Отличниктер жана ударниктердин таблицасы

| класс | 1-чейрек | | 2-чейрек | | 3-чейрек | | 4-чейрек | | Жыл ичинде | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | "5" | "4" | "5" | "4" | "5" | "4" | "5" | "4" | "5" | "4" |
| 1-4 | 2 | 15 | 2 | 15 | 10 | 23 | 10 | 26 | 10 | 26 |
| 5-9 | 1 | 19 | - | 18 | - | 24 | - | 24 | - | 66 |
| **Мектеп боюнча** | **3** | **34** | **2** | **33** | **10** | **47** | **10** | **50** | **10** | **48** |

Өткөн окуу жылына салыштырмалуу мектепте окуучулардын билим сапатын 8.3% жогорулаган.

**Жыйынтыктар жана сунуштар**

Окуу жылынын жыйынтыгы боюнча анализ жүргүзсөк, окуучулардын билим денгээли- чектелген оптималдык денгээлдин катарында деген бүтүмгө келсек болот. 2-9-класстардын негизги предметтен жетишкендигин текшерүүдө билим денгээлдеринин абалы-чектелген оптималдык денгээлге шайкеш.

Бардык педагогикалык жамааттын иши- мектептин иш-планына ылайык иш жүргүзүлгөн, иш-чаралар аткарылды.
Жетишпегендикти алдын алуу максатында, сабакка жетишпеген окуучулары бар предметтик мугалимдер ошол жетишпеген окуучулар тобуна жеке системаны иштеп чыгып,иш жүргүзүүсү зарыл.

Метод бирикмелердин жетекчилери оздөрүнүн жыйындарында жылдын жыйынтыгын карап чыгып, жетишпегендиктин себебин таап, аны четтетүүнүн жолунун алгоритимин иштеп чыгууга тийиш.

9-класстын окуучуларынын эң төмөн билим денгээлинин көрсөткүчүн жана төмөн билим сапатын көзөмөлгө алуу.

Класс жетекчилери жыл жыйынтыгы боюнча ата-энелер чогулушун өткөрүшсүн

**Башталгыч класстарда окутуунун анализи**

Мектептин башталгыч класстарында 7 мугалим эмгектенет: Калыбекова Б.К.-4-кл, Абдыраева М.- 3-кл, Зайырова Э.А.-2а-кл., Филиппова А.Г., Джумалиева Ч.Дж.-2б, 0б-кл., Майчиева С..К.-1-кл., Калыкова М.Ж.0а-кл.

Окуу жылында аягында башталгыч класстар боюнча 101 окуучу бар.

Мугалимдер ар түрдүү өз алдынча иштөө, логикалык тапшырмаларды, тесттерди көп колдонушат.

0 жана 2-класстарда мугалимдер жаш адистер болгондуктан методикалык жардамдарга муктаж.

Башталгыч класстар боюнча өткөн окуу жылы 38.3% болсо бул жылы 47.3% .

Жыл ичинде администрация тарабынан кыргыз тили, адабий окуу, математика сабактарынан текшерүү иштери, жат жазуу, окуу ылдамдыгын текшерүү боюнча иштер жүргүзүлдү. 4-класстарда кыргыз тили, математика сабактарынан тесттер алынды.

2019-2020-окуу жылында адабий окуу сабактарынан көркөм окуу, окуу ылдамдыгынын темпинин өсүшүү байкалган. Математика боюнча 3-класстарда жетишүү төмөндөгөн.

Сунуш:

1. Окуу ишинде окуучулардын өз алдынча билим алуусун логикалык ойлонуусун өнүктүрүүнүн үстүндө иштөөнү улантуу.
2. Мугалимди кунт коюп угууну, тапшырманын жообун көрө билүүгө калыптандыруу.
3. Көнүгүүлөрдүн бардык түрлөрүн талдоодо өз алдынча чечүү көндүмдөрүн калыптандырууну улантуу.
4. Күчтү окуучуларга математика, кыргыз тили боюнча кошумча тапшырмаларды берүүнү уланту.

**Экинчи баскычта окутуунун анализи**

Окуу жылында мектепте 2 –баскычта 88 окуучу билим алды. Отличниктер жок, ударниктер-22, билим сапаты 25% , жетишүүсү 100% түзөт.

Математика

2019-2020-окуу жылында 2 мугалим математика предметин окутту;
Мааткулов Т.-5-8-9-кл.,
Чылпакбаева С.Б.- 6-9-кл

| класс | 1-чейрек | | 2-чейрек | | 3-чейрек | | 4-чейрек | | Жыл жыйынтыгы | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | жетишүүсү | Билим сапаты | жетишүүсү | Билим сапаты | жетишүүсү | Билим сапаты | жетишүүсү | Билим сапаты | жетишүүсү | Билим сапаты |
| 5-кл. | 100% | 52 | 100% | 52 | 100% | 53 | 100% | 50 | 100% | 50 |
| 6-кл. | 100% | 29 | 100% | 29 | 100% | 29% | 100% | 35% | 100% | 29% |
| 7-кл. | 100% | 31 | 100% | 37.5 | 100% | 37.5 | 100% | 37.5 | 100% | 37.5 |
| 8-кл. | 100% | 50 | 100% | 50 | 100% | 50 | 100% | 50 | 100% | 50 |
| 9-кл. | 100% | 33 | 100% | 33 | 100% | 46 | 100% | 66 | 100% | 60 |
| итого | **100%** | **40.4** | **100%** | **36** | **100%** | **44.3** | **100%** | **47.7** | **100%** | **45.4** |

Математика предметин көзөмөлдөөдө мугалимдер сабактарында темаларды бышыктоого көбүрөөк көңүл бурушат, бирок текшерүү иштердин жыйынтыгы төмөн. 6-класстарда окуучулардын билим сапаты жетишерлик эмес. Мындай төмөнкү көрсөткүчтөр 7- класстар да байкалат.

Математика предмети боюнча салыштырмалуу анализ

| | 2017-2018 | | 2018-2019 | | 2019-2020 | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| класс | жетишүүсү | % | жетишүүсү | % | жетишүүсү | % |
| 5-кл | 100% | 28.5 | 100% | 17.6 | 100% | 50 |
| 6-кл | 100% | 53.3 | 100% | 33.3 | 100% | 29 |
| 7-кл | 100% | 53.3 | 100% | 66.6 | 100% | 37.5 |
| 8-кл | 100% | 25 | 100% | 40 | 100% | 50 |
| 9-кл | 100% | 41.6 | 100% | 36.3 | 100% | 60 |
| 11-кл | 100% | 25 | 100% | - | 100% | - |
| **итого** | **100%** | **40** | **100%** | **38.3** | **100%** | **45.4** |

Билим сапаты 7.1% өстү.
Математика сабагы боюнча билим сапатынын салыштырмалуу анализи 5,8,9-класстарда өскөн.

Чечим:

1. Эсеп чыгарууда өз алдынча иштөө ыкмаларын өнүктүрүү
2. Тесттик иштерди көбүрөк колдонуу
3. Начар өздөштүргөн окуучуларга кошумча тапшырмаларды берүү.

Кыргыз тили
Мектепте кыргыз тили сабагын 2 мугалим жүргүзөт:
Нурбекова Н.Э. -5,7-кл.
Абакирова Т.Д.-6,8,9-кл.

Кыргыз тили предмети боюнча салыштырмалуу анализ

| класс | 1-чейрек | | 2-чейрек | | 3-чейрек | | 4-чейрек | | Жыл жыйынтыгы | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | жетиш үүсү | Билим сапаты | жетишү үсү | Билим сапаты | жетишү үсү | Билим сапаты | жетишү үсү | Билим сапаты | жетишү үсү | Билим сапаты |
| 5-кл. | 100% | 37 | 100% | 37 | 100% | 38.4 | 100% | 42.3 | 100% | 46 |
| 6-кл. | 100% | 29.4 | 100% | 29.4 | 100% | 35 | 100% | 41 | 100% | 35% |
| 7-кл. | 100% | 37.5 | 100% | 56 | 100% | 43.7 | 100% | 43.7 | 100% | 43.7 |
| 8-кл. | 100% | 43 | 100% | 50 | 100% | 57 | 100% | 43 | 100% | 57 |
| 9-кл. | 100% | 26.6 | 100% | 33 | 100% | 40 | 100% | 46.6 | 100% | 33 |
| итого | **100%** | **34.8** | **100%** | **40.4** | **100%** | **42** | **100%** | **33** | **100%** | **43** |

6-класстарда билим сапаты төмөн түшүп кеткен, 5,8-класстарда жана 6,9,10-класстарда билим сапат көтөрүлгөн.
Административдик текшерүү жыйынтыгында тест менен иштөө 5,8-класстарда төмөнкү көрсөткүчтөрдү аныктаган.

Кыргыз тили предмети боюнча салыштырмалуу анализ

| | 2017-2018 | | 2018-2019 | | 2019-2020 | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| класс | жетишүүсү | % | жетишүүсү | % | жетишүүсү | % |
| 5-кл | 100% | 28.5 | 100% | 29.4 | 100% | 46 |
| 6-кл | 100% | 40 | 100% | 46.6 | 100% | 35 |
| 7-кл | 100% | 50 | 100% | 53.3 | 100% | 43.7 |
| 8-кл | 100% | 27.2 | 100% | 33.3 | 100% | 57 |
| 9-кл | 100% | 16.6 | 100% | 27.2 | 100% | 33 |
| 11-кл | 100% | 25 | 100% | - | 100% | - |
| **итого** | **100%** | **36** | **100%** | **38.3** | **100%** | **43** |

Билим сапаты 4.7% көтөрүлгөн.

Билим сапаты кыргыз тили предмети боюнча 5,8,9-класстарда өскөн.

Сунуш:

1. Тест менен жана өз алдынча иштөөгө көңүл бөлүү
2. Окуучулар менен жекече иш алып барууну колдонуу
3. Көнүгүүлөрдү сапаттуу аткаруунун үстүнөн иштөө

Жыйынтык:

1. Окуу план толугу менен аткарылган.
2. Окуу предметтеринин сапаты жогорулоодо

**ЖМА боюнча анализ**

ЖМАга даярдоо планынын негизинде мектептин 9-классынын бүтүрүүчүлөрү менен төмөндөгүдөй иштер жүргүзүлдү;

-29-майда өлкөдө түзүлгөн өзгөчө кырдаалды эске алуу менен пед.коллетив онлайн –чогулуш өткөрүлдү. Убактылуу кырдаалга байланыштуу ЖМАнын өткөрүү тартиби жана 9-класстын бүтүрүүчүлөрүн ЖМАга киргизүү маселеси каралды.

- ЖМА учурунда пед.коллективдин жана окуучулардын санитардык-гигиеналык талаптарга ылайык эрежелер менен таанышуу болду.

-Мектептин окуу бөлүмүнүн башчысы ЖМАнын планын түзүп , ЖМАнын жүгүртмөсүн ,9-класстын бүтүрүүчүлөрүнүн тизмесин директорго бекитти.

-9-класстын класс жетекчиси класстык журналдын, өздүк делолорду толтуруп, жетишүү ведомостун даярдады.

-Предметтик мугалимдер ар бир бүтүрүүчүгө жазуу иштерин, практикалык иштеринин жыйынтыгын папкаларга топто менен предметтик комиссияга сунушташты.

29-май 2020-жылдын педкеңешмесинин №6 протоколунун чечими менен 2019-2020-окуу жылындагы 9-класстын 15-бүтүрүүчүсү ЖМА тапшырууга мүмкүнчүлүк алышты.

ЖМА комиссиясынын төрайымы окуу бөлүмүнүн башчысы Сайдинова Н.С.

Экзамен учурунда эч кандай тартип бузуулар, конфликттик кырдаалдар катталган жок. Бардык контролдук иштер экзамендин жүрүшүндө каралып талкууланды. Окучулардын баалары өз убагында протоколдорго коюлду.

ЖМАнын өткөрүүдө алдында дезинфекция иштери жүргүзүлүп, жекече коргоону куралдары даярдалган. Экзамен учурунда аралыкты сактоо орун алды. Ар бир комиссия мүчөсү өздүк дезинфекция каражаттарын колдонду.

ЖМАнын жыйынтыгы төмөнкүдөй бааланды.

| өтүлгөн убактысы | предмет | Экзаменатордун аты жөнү | Окуучулардын саны | “5” | “4” | “3” | “2” |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2.06.20 | Математика | Мааткулов Т. | 15 | 3 | 6 | 6 | - |
| 5.06.20 | Кыргыз тили | Абакирова Т.Д. | 15 | - | 5 | 10 | - |
| 9.06.20 | Тарых | Бектурова Р.Р. | 15 | - | 6 | 9 | - |
| 11.06.20 | Орус тили | Сайдинова Н.С. | 15 | 2 | 6 | 7 | - |

Бүтүрүүчүлөр ЖМА боюнча математика, кыргыз тили, тарых, орус тили предметтер боюнча экзамендерди ийгилүктүү тапшырышты. 100% бүтүрүүчүлөр орто билими тууралуу күбөлүктөрүн алышты. Эки бүтүрүүчү үчү жок күбөлүккө ээ болушту.

**Олимпиаданын жыйынтыгы.**

2019-ж 04.10 №38 буйруктун негизинде жалпы билим берүү предметтери боюнча мектеп ичинде өтүлүүчү олимпиаданын биринчи этапына даярдануу максатында предметтер боюнча олимпиадага катышуучу окуучулардын тизмелери такталып, аларга предметтик мугалимдер тарабынан консультатциялар өтүлдү

2019-2020-окуу жылынын 23-ноябрында Ж.Баласагын атындагы орто мектебинде 5-9-класстар арасында 9 предмет боюнча: кыргыз тили жана адабияты,орус тили жана адабияты, математика,англис тили,биология,химия, география, тарых,физика олимпиада өткөрүлдү.

Олимпиаданын жүрүшү түзүлгөн графиктин негизинде каалоочу окуучулар катыша алышты.

5-9-класстар арасындагы предметтик олимпиадалар предметтик- методикалык комиссиялардын алдын ала иштеп чыккан тапшырмалары менен өткөрүлдү.

Предметтик комиссиянын түзүмүнө окуу бөлүмүнүн башчысы, метод бирикменин жетекчилери,предметтик мугалимдер кириштu.

Олимпиаданын катышуучулары 1.5-2саат убакытта берилген тапшырмалардын үстүнөн иштешти. Ар бир катышуучу үчүн тапшырмалар, штамптуу барактар даярдалган. Олимпиада иштеринин жоопторунун баллдары алдын ала эсептелинип, конвертте бекитилген.

Олимпиаданын катышуучуларынын аткарган иштери ошол эле күнү текшерилип, жыйынтыгы протоколго түшүрүлүп Окуу бөлүмүнүн башчысына өткөрүлүп берилди.

Мектеп олимпиадасына 5-9-класстардан 167 окуучу катышты. Айрым окуучулар бир нече предметтерде күчүн сынашты предметтик олимпиадалардын жыйынтыгы орто деңгээлде. Жеңүүчүлөр болуп 53 окуучу табылды.

Жеңүүчүлөр мектеп грамотасы менен сыйланды.

Катышуучулардын көпчүлүк бөлүгү олимпиаданын жыйынтыгына канааттанышты. (апелляция катталган жок)

Олимпиаданын анализи боюнча баллы төмөн окуучулардын даярдыгы төмөн экендиги көрүндү. Олимпиаданын катышуучулары орус тили боюнча тапшырмаларды аткаруудан кыйналышты.

Өткөн жылдагы олимпиаданын жүрүшүндөгү кырдаал кайталанып, катышуучулар физика, химия, математика предметтеринен эсеп чыгарууда кыйналышты, формулаларды жетишерлик билишпейт. Кыргыз тили боюнча берилген тапшырмалар окуучулардын чыгармачылыгын өнүктүрүү максатында берилген, бирок окуучулар окуу программасынан сырткаркы чектен аша алышпады. Жалпы окуучулар тийиштүү денгээлде баардык тапшырмаларды толук аткара алышкан жок.

Олимпиаданын жыйынтыгы боюнча  жогорку көрсөткүчтөрдү төмөнкү предметтерден көрсө болот: англис тили-77%, физика-60%, биология-57%, кыргыз тили-56%, химия-33%, тарых-31%, орус тили-17%, география-5.8%, математика-4.7%. Ээн төмөнкү натыйжа математика, география сабактарынан.

Мектеп олимпиадасын өткөрүүдө жоопту мугалимдердин айрым катачылыктары өздөрүнө айтылды. Жалпы катачылыктар болуп ар бир предметтен олимпиададан тышкаркы учурларда да окуучуларга кошумча саатарды өтүү зарылдыгы келип чыкты.

2020-2021-окуу жылында жогоруда көрсөтүлгөн кемчиликтердин үстүнөн иштөө каралды.

Райондук 8-9-класстар арасындагы олимпиада жана “Ынтызар” 3-4-класстар арасындагы сынак өлкөдөгү түзүлгөн санитардык кырдаалга байланыштуу токтотулду.

**Китепкана фонду**

2019-2020-окуу жылында Ж.Баласагын атындагы орто мектебинин китеп канасында Чыймыева Айзада Асылбековна иштейт. Китепканада иштөө стажысы 2.5 жыл.

Китепкана фонду-3309

Анын ичинен:

-окуу китептери-1849

-методикалык адабияттар-165

-көркөм адабияттар-1295

Жыл ичинде 433 экземпляр китеп түштү.

Анын ичинен:

-329 окуу китептери 28301, 82сом суммада.

-104 көркөм адабий китеп (суммасы көрсөтүлгөн жок)

Китепкана фондунан чыгарылган китептер-жок.

Китеп менен камсыздоо

| 1-класс | 2-класс | 3-класс | 4-класс | 5-класс | 6-класс | 7-класс | 8-класс | 9-класс | Мектеп боюнча |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 38.98% | 54.86% | 19.32% | 58.57% | 67.75% | 89.50% | 93.75% | 73.33% | 53.75% | 77.84% |

**Тамактануу**

2019-2020-окуу жылында мектеп ашканасы “Мерсико” проектисинин көмөгүндө толук капиталдык оңдоп- түзөөдөн өттү. 2020-жылдын 24-февралынан баштап “Мерсико” тарабынан окуучуларга ыссык тамак уюштурулду. Мектеп ашканасы санитардык-эпидемиологиялык талаптарга жооп берет.

Окуучулардын тамактануу процесси бекитилген графикте атайын жабдылган, талапка жооп берерлик ашканада жүргүзүлөт.

Тамактануу рациону продуктылардын баалуулугу, сапатуулугу каралып ар күнү түзүлгөн менюнун негизинде окуучуларга берилет.Прдодуктылардын ассортименттеринин ар түрдүүлүгү, тамак аш даярдоодогу норма сакталат.

Окуучулардын тамактануусун, ашканадагы тамак бышыруунун ченемдерин көзөмөлдөө үчүн атайын комиссия түзүлгөн.

2019-2020-окуу жылынын февраль айынан баштап 101 окуучу ысык тамак менен тамактанышат.

**Мектепти жылытуу**

2019-2020- окуу жылынын жылытуу сезонунда 199.530 тонна көмүр түшүрүлгөн.

Мектепти жылытуу сезону ноябрь айынан башталып март айында аяктады.

Мектепте кыш мезгилинде талапка жооп берерлик температура сакталды.

Мугалимдер жана окуучуларга окуу процессин жүргүзүүгө толук шарт түзүлдү.

Ноябрь айында 39.500 тонна көмүр, декабрь айында 47380т., январь айында 48.250т, февраль айында 44.150т., март айында 19.450 тонна көмүр сарпталды.

750кг көмүр сарпталган жок.

2020-жылдын 8-апрелинен 4-чейрек дистанттык окутуу формасында башталды.

Дистанттык окутуу процессин уюштуруу максатында сабактын жүгүртмөлөрү түзүлүп, “ Баластан” жана Эл ТР “Илим Билим” телеканалдарында өтүлүүчү видео сабактар сунушталды.

Баардык маалыматтар класстардын мектеп тарабынан түзүлгөн группаларында (Whats App) аркылуу жүргүзүлдү.

1. Сабактын жүгүртмөлөрү группаларга салынды (Whats App);
2. Ар бир класска предметтик мугалимдер кошулду;
3. Ар бир мугалим өзүнүн профилин түздү;
4. Ар бир мугалим окуучулар менен кайтарым байланыш аркылуу баарлашып жатышты(“Облако,Mail.ru”, компьтерлерде, флеш карталарда);
5. Видео сабак 20 мин.өтүлүп ар бир окуучу түшүнбөгөн суроолоруна жооп алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту.
6. Убактылуу журнал түзүлүп, анда окуучулардын катышуусу, баалары белгиленди.
7. Өзгөчө кырдаал убагында мектептин соцпедагогу ата-энелер менен байланышта болуп, сунуштары менен бөлүшүп жатты.
8. Окуу бөлүмүнүн башчысы дистанттык окутуу мезгилинде мугалимдерге жана окуучуларга жаңы медиапрограммаларды колдонуу боюнча маалымат жүргүздү.
9. Мектеп администрациясы дистанттык сабактардын жүрүшүнө көзөмөл жүргүзөт.
10. Мектеп директору күнүгө мектептеги ар бир класстын дистанттык окутуу процессин видеоконференциялар аркылуу көзөмөлдөйт.
11. Класстык сааттын темалары:
    - Коронавирус;

- Ынтымактуу үй бүлө.
- Жаша Жер; (сүрөт конкурсу)
- Бүткүл дүйнөлүк китеп күнү
- Конститутция Күнү
- Энелер Күнү (сурөт конкурсу)
- Жеңиш күнү (көркөм окуу конкурсу)

12. Дистанттык окутууга 206 окуучу тартылды, 90% түздү.

**Тарбия иш**

**Жалпы маалымат:** Чыймыева Айзада Асылбековна тарбия завуч,
**Адистиги:** англис тили мугалим,
**пед.стажы** 8 жыл,

2. Класс жетекчилердин, класстык иштеринин мориторинги:

| Класс | Сентябрь | Октябрь | Ноябрь | Декабрь | Январь | Февраль | Март | Апрель | Май |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | | 5 – март Ак калпак күнү конкурс 2-орун | "Жаша жер" 1 – места конкурс | |
| 2 а | | | | | Балдардын укугун коргоо конвенциясына 30 жыл<br>сүрөт конкурс 3 место | | 5 – март Ак калпак күнү конкурс 2-орун | | |
| 2 б | | | | | Балдардын укугун коргоо конвенциясына 30 жыл<br>сүрөт конкурс 2 место | «Жоокер ыры» мектеп ичинде конкурс көркөм окуу 1-орун | Сары Өзөн Чолпндору мектеп ичинде конкурс1-орун ыр | "Жаша жер"<br>2 – места конкурс | |
| 3 | | | | | Балдардын укугун коргоо конвенциясына 30 жыл | | | | |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | сүрөт конкурс 1 место | | | | |
| 4 | | | | | | | 5 – март Ак калпак күнү конкурс 1 –орун<br>Сары Өзөн Чолпндору мектеп ичинде конкурс3- орун ыр | “Жаша жер” 3 – места<br>конкур | |
| 5 | | | | | | “Жоокер ыры” мектеп ичиндеги конкурс бий 1-орун | Сары Өзөн Чолпндору мектеп ичинде конкурс3- орун бий | | |
| 6 | | | | | | “Жоокер ыры” мектеп ичинде конкурс<br>1 – орун ыр | Сары Өзөн Чолпндору мектеп ичинде конкурс1- орун ыр | | Ыр “Атасы кеткен бирөнун” 1- орун |
| 7 | | | | | | “Жоокер ыры” мектеп ичиндеги конкурс бий 1-орун | Сары Өзөн Чолпндору мектеп ичинде конкурс2- орун бий | | |
| 8 | | | | | | “Жоокер ыры” мектеп ичинде | Сары Өзөн Чолпндору мектеп ичинде | | Өлбөс полк эң мыкты класс |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | конкурс<br>2 – орун ыр | конкурс1-орун бий | | |
| 9 | | | | | | | Сары Өзөн Чолпндору мектеп ичинде конкурс3-орун бий | | |

| ФИО классного руководителя, стаж в должности классного руководителя | Сентябрь | Октябрь | Ноябрь | Декабрь | Январь | Февраль | Март | Апрель | Май |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Калыкова Мээрим<br>Жаныбековна 1 жыл | | | | СПИД кылып чумасы доклад | | | | | |
| Майчиева Сайрагүл Качыкеевна<br>40 жыл | | | | | | | | | |
| Зайырова Эльвира Амангелдиевна 2 жыл | | | | | | | Мамлекеттин символикасы Туу жөнундо доклад | | 5 – май<br>Конституция күнү видео сабак |
| Джумалиева Чынара Джолдошевна<br>1 жыл | | | | Правильное питание – залог здоровья”<br>кл.час | | | | “Дружи с мылом” видео урок | |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Абдраева Майрам Абдраевна 35 жыл | | | | Туура тамактануу билимге жол ачат кл.саат | Балдардын укугун коргоо конвенциясына доклад | | | Жаратылыш жан досум видео сабак | |
| Калыбекова Бурул Калыбековна 3 жыл | | | | Туура тамактануу ден соолукту чындайт кл.саат | Адепсиздиктин акыры кылмыш. Кл.саат | | Ак калпак күнү Калпактын тарыхы доклад | Самын менин досум” видео сабак | |
| Чыймыева Айзада Асылбековна 4 жыл | | | | | “Компитенттүү мугалим” Пед.совет доклад | | Корона вирустан сактан кл.саат | 23-апрель бүткул дүйнөлүк китеп күнү видео сабак | Энелер күнү видео сабак |
| Абакирова Толкун Дүйшеналиевна 29 жыл | | | | | | Эстен кестис Оганстан доклад | Коркунучтуу вирус кл.саат | | |
| Чылпакбаева Салтанат Бекешовна 5 жыл | | | | | | | Корона вирустан сактан кл.саат | | |
| Мамбеталиева Зина Жумабековна | | | | | Балдардын укугун коргоо | | Вирустун | | |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 41 жыл | | | | | декларациясы ачык<br>кл.саат | | жугуу жолдору кл.саат | | |
| Карагожоева Нестан<br>Кадырбековна<br>2 года | | | | | | | Таажылуу вирус<br>видео сабак | 7-Апрель<br>Элдик революция күнү видео сабак | |

Эскертүү: Класс жетекчилердин чыгармачылык потенциалын өнүктүрүүнү жаңы окуу жылына максат кылып коебуз. Мектеп ичинде конкурстар өтүлүп жеңичүүлөр райондук этапка чыгып , бирок орунга жеткен жокбуз. Класс жетекчилердин изденүсү аз, берилен тапшырмаларды окуучуларга изденүүсүз үстүртөн жеткирет. Белгилеп кетсем оздөру жаш болсо да Джолдошева Ч.ДЖ. жана Калыбекова Б.К. 2 б жана 4- класстын класс жетекчилеи тарбия иштеринде окуучуларын мыкты деңгелде көрсөтө алышты. Көп жылдык тажрыйбасы болсо дагы Майчиева С. К. бул оку жылында жалкоолук кылып иш көргөзо алган жок. Декабрь айында жаңы тарбия завуч болуп баштагандыктын себебинен жаңыдан иштин ыгын билип келе жатканда үстүбүздөгү кырдаалга байланыштуу аралыктан окуу болуп класс жетекчилерге онлай сабак өтүү абдан оор кырдалды жаратты. Ошол себептен иштерибиз аксап калды. Жаңы тарбия иштерин алып барган себептен көп түшүнбөстүк катааларды да кетирип жаттым.

1. **Багыт боюнча мектеп ичинде өтүлгөн иш – чаралар:**

| Багыттар | Сентябрь | Октябрь | Ноябрь | Декабрь | Январь | Февраль | Март | Апрель | Май |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Патриоттуулукка тарбиялоо | | | | | | Мекен чегинде, ооган жоокерлери менен жолугушуу концерт 21-февраль | | | |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Адеп ахлахтыкка тарбиялоо | | | | Кайдыгер болбо, замандаш! | | | “Сен улуусуң аял зат” концерт 6-март | | |
| Экологиялык тарбиялоо | | | | | 1-декабрь Бүткүл дүйнөлук СПИД күнүнө карата 8-9-кл тегерек стол | | | Жаша жер 1-4-кл (сүрөт, көркөм окуу, подделка) | |
| Кылмыштуулуктун алдын алуу, жанжал | | | | “Зордук – зомбулукка каршы 16 күндүк кампаниясы” конкурска катыштык 2 эссе 1 сүрөт Гороного жибердик | “Коопсуз мектеп “ Эркек балдар менен ой толгоо | Түнкү рейд 20:00 дөн 22: 00гө чейин | Рекет деген эмне? Ой толгоо | | |
| Өз өмүрүнө кол салуунун алдын алуу | | | | “Жашоо сонун карачы” анкета | | | | | |
| Экстремизмдин, терроризмдин алдын алуу | | | | | “Терроризм планетанын эң башкы жамандыгы” беседа 7-9- кл | | | | |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Үй бүлөдөгү зомбулуктун алдын алуу, балдар эмгегинин | | | | | ”БУК 30 жашта<br><br>сүрөт конкурс уна катыштык | | | | | |
| Жолдогу жаракаттын алдын алуу | | | | | | | | | | Коопс узду жайкы канику л |

Эскертүү: Мектеп ичиндеги өткөрүлгөн конкурстарга окуучулар жана класс жетекчилер катышып жатышты. Кайдыгер болбо замандаш акциясы өткөрүлүп акцияга башатлыч звенонун 1- 2б-3-4-класстар акцияга толугу менен катышты 2 а-класс толук катышкан жок. Ортонку жана жогорку звенонун класстары акцияга толугу менен катышып акцияда топтолгон акчаларды мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга керектүү буюмдарды мектептин парламети менен биргеликте үйлөрүнө барып тапшырылды. Багыт менен иш жүргүзүлүп жатты, бирок жаңы тарбия иштери боюнча иштегендигиме байланыштуу кемчиликтер, түшүнбөстүктөр болуп жатты. Мектеп ичинде конкурстар Жаңы окуу жылына жаңы максаттарды жана милдеттерди коюп иш алып барабыз деген үмүттөбүз.

**4. Окуучунун өзүн - өзү башкаруу ишинин структурасы, мектептин деңгээлиндеги иш – чарасы эмне себептен жетишпейт. жаңы окуу жылына эмнени пландап жатабыз.**

201-2020-окуу жылынын башын мектепте тарбия завуч жок болгондуктан тарбия иштери козомолго алынган жок. Мен декабрь айында тарбич иштеринин орун басары болуп коюлдум. Ошол себептен озүн-озү башкару уюмунун иш планын жаңы тузүп иш алып барууга аракет кылдым. Парламент мүчөлөрүн шайлап алдык. Мектеп парламенти тарабынан комиссия түзүлүп тазалык , форма , кечигүү жана китепти таза кармоо боюнча жума сайын текшерүү жүргүзүлүп , жумалык линейкада айтылып турду. Жумалык линейка ар жуманын дүйшөмбү күндөрү өтүлүп , дежур класстар көп кечиккен окуучулардын тизмесин дубалга илип турушту, жыйынтыгында кечиккен окуучулар жокко эсе болуп тыянак чыкты. Өзүн-

өзу башкару уюму "Жаңы жыл" " Ата – Мекенди коргоо" жана 8-март эл аралык аялдар күнүнө чакан кечелерд өтүштү. Өзүн өзү башкаруу уюмунун иши мектепте бир жылдай тарбия завч жок болгондугунан жана декабрь айында жаңы тарбия завуч болуп иштеп жаңы нукка келип жаткан кезде аралыктан оку башталып өзун өзу башкару уюмунун иши аксап калды. Жаңы окуу жылына өзүн-өзү башкару уюмунун ишин биринчи планга коюп иш алып баруууну пландаштырып жатабыз.

**5. акыркы 3 жылда тарбиялык иштеринин жетишкендиктери:**

| Иш - чаралар | Деңгээл(шаардык, райондук , областык, республикалык, эл аралык) | 2017-2018 – окуу жылы | 2018-2019 – окуу жылы | 2019-2020 – окуу жылы |
|---|---|---|---|---|
| Достук форум | райондук | 3 - орун | | |
| Сары –Өзөн чолпондору | райондук | | 3 - орун | - |

Эскертүү: 2019-2020- окуу жылынын декабрь айынан баштап тарбия иштери боюнча директордун оорун басары болуп көрсөтүлдүм. Райондук конкурс "Жоокер ырына" катышып тилеке каршы орунга жеткен жокбуз. Себеби мектепте музыкалык аспаптар жок балдар буфер менен ырдап даярданышат. Жаңы окуу жылында райондук конкурстарга катышып орун алганга аракет кылабыз.

**6. Кружок иштери**

| Кружоктун аталышы | ФИО | ставканын саны/ жумалык саат | кайсы класстар камтылат | 2019- 2020 – окуу жылындагы жетишкендиктери |
|---|---|---|---|---|
| Волейбол | Солтобаев К. А. | 0,25 жумалык жүктөм 2 саат | 5-9 | - |
| Ыр,Хор | Карагожоева Н. К. | 0,25 жумалык жүктөм 2 саат | 5 - 9 | - |

Эскертүү: "Жоокер ыры" конкурсуна ыр,хор кружоктун жетекчиси бир вокал д аярдап катышты, бирок орунга жеткен жокпуз, себеби мектепте апапратура жок, балдар буфер менен ырдашат.2019-2020- окуу жылында хор кружоктун жетекчиси Карагожоева Н. К. Сары Өзөн Чолпондору конкурсуна

даярдык көрүп жаткан, үстүбүздөгү кырдаалга байланыштуу карантин болгон себептен конкурс өтүлгөн жок. Жаңы окуу жылында ыр, хор куржогунан даярданып конкурстарга катышабыз деген максатыбыз бар. Волейбол кружогунун жетекчиси Солтобаев К. А. менен ыр ,хор кружоктун жетекчиси Карагожоева Н. К. жаңы окуу жылында көзөмөлгө алып, ийгиликтерге жетишебиз. Ыр ,хор кружогун мектепте өтүп жатты, бирок мектепте аппаратура жана музыкалык аспаттар жоктугуна байланыштуу балдар буфер менен ырдашат. Жаңы окуу жылында кружокту көзөмөлгө алып, ийгилик жаратууга максат коебуз.

**7. Ата – энелер менен иштөө натыйжалуу же натыйжасыз, жыйынтык**

Мектепте окуучулардын билим сапатынын өсүшүнө ата – энелердин мектеп менен тыгыз байланышта болуусу түздөн түз таасирин тийгизет. Сентябрь айынан баштап жыл аягына чейин мектеп менен ата – энелердин байланышы тыгыз болуп көп иш – чаралар аткарылды. Мектеп боюнча ата – энелер комитети түзулүп, мүчөлөрү жана төрайымы Токтомушева Венера шайланды. Класстарда ар бир ай сайын ата – энелер жыйналышы өткөрүлүп, окуучулардын сабакка жетишкендиктерин, кемчиликтерин, тартиптерин талкуулап турушту. “Балдар биздин келечегибиз”, “Баламды жаман жолдон коргой аламбы?” деген темада ата – энелер менен мектептин жамааты ой толгоо өткөрүштү. Февраль айында 1-4-класстын ата – энелери менен бирдикте башталгыч класстын бирикмесинин жетекчиси Калыбекова Б. К. менен мектептин китепканачысы Чыймыева А.А “балдарды канткенде китеп окууга тартабыз, балдардын ички дүйнөсун ачуу жана бала менен туура маектешүү ж.б” темада семинар тренинг өтүштү. Кылмыштуулуктун алдын алуу максатында үй бүлөдө ата – энеси чет жака иштеп кеткен, жарым жетим , томолой жетим балдардын үйлөрүнө рейддерди айылдын соц. кызматкери жана мектептин соц. педагогу рейддерди жүргүзүп турду. Ата – энелердин жардамы менен 1-4-класстардын ысык тамык ичүүсүнө байланыштуу идиш – аяктарды алып беришти. Шартка байланыштуу аралыктан окуп жатканыбызда ата – энелердин жардамы чоң болду. Ата – энелер менен иштөөнүн жыйынтыгы натыйжалуу. Ата –эне мектеп менен тыгыз байланышта болуп балдардын жүрүм турумуна өнүгүсүнө кызыктар болуп башташты.

Жаңы окуу жылына дагы ата-эне менен коомчулукту тартууну максат кылып жатабыз.

**8. Мектеп ичиндеги тарбиялык иштер боюнча көзөмөл:** мектеп ичиндеги көзөмөлдүн натыйжасы 2019-2020-окуу жылында Ж. Баласагын мектебинде 220 окуучу,10 класс комплект

бекитилип , окуучуларга билим тарбия берүүдө15 мугалим эмгектеништи. Мектептеги класс жетекчинин саны 10.

Жыл башында мектепте тарбия иштерин алып барган тарбия завуч жок болгондугуна байланышту, ички көзөмөл директор жана окуу бөлүм башчысы көзөмөлдөп турушту. Жыл ичинде мектепте тартип, тазалык , форма, жетишүү, катышуу ж.б.окуучулардын иш-чараларын көзөмөлдөп туруу үчүн дежурствонун графиги бекитилген. Жол эрежелерин, өрт, табигый кырсыктар коопсуздугун сактоо иш-чаралары класс жетекчилерге жана дене тарбия мугалимине тапшырылып талапка ылайык иш жүзүнө ашырылды. Декабрь айынан баштап тарбия иштерин алып баруу мага тапшырылды. Жаңы окуу жылында мектеп ичиндеги тарбия иштерине көзөмөлдү күчөтүү менен иш алып барууну жана класс жетекчилер менен тыгыз иштөөнү күчөтүү.

Кружок иштерине көзөмөлдү күчөтүү

Өзүн-өзү башкару уюмун жаңылатып түзүү

Класс жетекчилердин чыгармачылык потенциалын өнүктүрүү

Класс жетекчилер арасында семинар тренинг өткөрүү

**Жаңы окуу жылына максат:** " Окуучуларды маданияттуулукка, патриоттуулукка, элинин каада – салттарын билүүгө жана багыттар менен тарбиялоо"

1. Мектептеги иш –чараларга ата – энелердин кызыгууларын арттыруу
2. Ата – эне менен үч тараптуу келишим түзүү
3. Окуучуларды тарбиялоодо ата- энелер менен класс жетекчилердин жоопкерчилигин жогорулатуу
4. Сергек жашоо образын пропагандалоо, балдарды жаман адаттардан сактоонун алдын алуу
5. Кылмыштуулуктун алдын алууда түшүндүрү иштерин жеткиликтүү жүргүзүү
6. Өзүн өзү башкары уюмун ишинин өнүгүшүн көзөммөлдөп ишке ашыру
7. Мектеп ичиндеги тарбиялык иштерге көзөмөлдү күчөтүү
8. Кыздар жана балдар кеңешин түзүү
9. Окуучунун толук кандуу өнүгүшүнө, позитивдүү социалдашуусуна, өзүн аныктоосуна шарт түзүү башкача айтканда баланын өнүгүшүнө жагымдуу чөйрөнү камсыздоо

**ЖРТ**

Быйылкы окуу жылында 11-кл. бүтүрүүчүлөр жок.

**Долбоор менен иштөө**

2019-2020- окуу жылында мектеп « Мерсико» ысык тамак долбору менен иштеген.

2020-жылдын 24 февралынан баштап башталгыч класстар 101 окуучу күн сайын сапаттуу жана пайдалуу тамактарды ала баштады.
Ошондой эле, биргелишкен аракеттер менен мектепте капиталдык оңдоо иштери жүргүзүлүп, анын ичинде суу түтүктөрү жана канализациясы жазалды.

**Жаңы окуу жылына карата милдеттер**

1. Билим сапатын жогорулатуу боюнча иш улантуу
2. Мектеп ичиндеги көзөмөлдү күчөтү.

Директор: Нурбекова Н.Э.